~~1092~~

В. В. Радлов

„Семетей“

Каныкейдин Абыкя, ~~Коб[illegible]~~ тий дегени.

...тут языка, литературы и ...
... РУКОПИСЕЙ
Ин... № 590
5 авг. 1979 г.
... ФАН СССР гор. ...

"С Е М Е Т Е Й" 8-том.

## КАНЫКЕЙДИ АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ ТИЙ ДЕГЕНИ

Ошондо кан Жакыптын үйүндө,
Күрсөккө салган бозо бар,
Күйдүргү уусу кошо бар.
Кан Жакыптын үйүндө,
Чапчакка салган бозо бар,
Чачама уусу кошо бар.
Көк жалың Манас өлгөндө,
Көбөш султан болгон кез,
Баягы Манастын калган кырк чоро,
Кыркы кырк жерден келген ит эле,
Көбөшкө айыл конгон кез,
Көбөштүн баабедиңге бата айтып,
Коросонго кой айтып,
Баатыр ай көл кенедей болгон кез,
Аргын, кыргыз элине,
Көбөштүн артык султан болгон кез,
Бир күнү кайран Жакып кан,
Каарданып калыптыр,
Кадырдуу Көбөш, кочкорун
Такыр жыйып алыптыр,
Мунун менен Манас кандын кырк чоро,
Ант ургур кошо барыптыр.
Алты арам менен кырк чоро,
Кан Жакыптын ордого,
Чогулуп кирип барды эле,
Кел балдарым, келгин- деп,

-Айткан сөзгө көнгүн-деп,
Капшнттагн кара арак,
Калмакча көөкөр менен бир арак,
Камннбайт Жакнп куйду эле,
Баякн алтн арам менен,Кырк акмакка сундуу эле
Ала деңгил мас болуп,
Арамдар минтип турганда,
Арам княл кан Жакнп,
Иттерге кепти кнлганн;
-Ат өлгөндө кебек ит,
Соору керек болуучу,
Ага өлгөндө иниге,
Кебек ит, жеңе керек болуучу.
Кесирдүү долу Каннкей,
Катнннnда каада болуп журт бузду,
Кнз кезинде кара бет,
Кнлнм чайкап , эл бузду.
Жесир журуп желикти,
Бороз болуп кара бет,
Болбой жаман эзликти.
Келгендерден кеп уктум,
Алтн миң жамбн, миң кундуз,
Барага Бакай жеп алнп,
Текеченин Ормонбек,
Ормонбектей каннна,
Канчнктн качнрнп берет деп уктум.
Өзөн жердин конушун,
Биреөң чалсаң болбойбу,
Манастан калган мурапнн,

Жамандар, биреөнөр алсаң болбойбу.
Атаңдын кеpу алты арам,
Арак ичпей, таш ичкин,
Аздык кылса, алты арам,
Атаңдын канын кошкун!
Жаман бүлөп турганы,
Жакыпты кудай урганы.
—"Тием"десе, жеңе эле,
Нике кыйып алалык.
"Тийбеймин" десе, долуну,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаралык.
Ала тоодой ата эле,
Кан Жакып тилин алалык.
Кара бетке баралык,
Оолугушуп туралбай,
Ошондо Көбөш күрүлдөп,
Каарданып дүрүлдөп,
Ок өтпөгөн тон камдап,
Ок жетпеген ат камдап,
Кырктын башы Кыргын чал,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Чоронун баары бууду эле.
Кырктын башы Кыргын чал,
Кыялында ойлончу,
Атасыз келдик биз чоро,
Атасыз келген чорого,
Аркар аяк, жез билек,
Ат мыктысын мингизди,

Тонсуз келген чорого,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Келеме кериш, кең күрмө,
Тон мыктысын кийгизди.
Катынсыз келген чорого,
Оймок оoз, бото көз,
Үйкуштаган жал-жал көз,
Кырмызы көйнөк, найча бел,
Кылактаган сулууну,
Алып берди зор Манас.
Динсиз келген чорого,
Айкырса үну азандай,
Ак селдеси казандай,
Молдо берди кан Манас.
Үйсүз келдик кээ чоро,
Үйсүз келген чорого,
Керегенин кашаты,
Темир менен жээктүү,
Жабыкбаштын үстү-үстү,
Алты эли кундуз жээктүү.
Боолорушун барысын,
Чылк жибектен чалдырган,
Борумдап ордо салдырган,
Ордо берди зор Манас.
Малсыз келдик бир чоро,
Малсыз келген чорого,
Адырда жылкы ала баш,

Аргымак, буудан аралаш.
Бөлүп берди зор Манас.
Үзүлгөндү улады,
Чачылганды жыйнады,
Өчкөн отту тамызды,
Өлгөндөрдү тиргизди,
Эриң Манас султанын,
Этегин кармап эр болук,
Эр уулу менен тең болдук.
Жүргөн жерден чаң чыкты,
Добуштардан жан чыкты.
Тузу оор Манастын,
Тузу бизди урбайбы,
Арбагы асыл Манастын,
Арбагы бизди урбайбы.
Кырктын башы Кыргын чал,
Тузу ачуу Манастын,
Тузуна кантип сиебиз,
Арбагы алтын Манастын,
Айлына кантип киребиз.
Айтып турса артынан,
Асыл эркек бала бар,
Ага кантип тиебиз.
Кабылан Манас канындын,
Арбагы карап турганда,
Ордого кантип тиебиз!
Ошондо Көбөш күрүлдөп,
Каарданып дүрүлдөп:

— Качанда болсо, кырк чоро,
"Кызырдуу Манас шерим" деп,
Сен кыйкырасың каласың.
Демге калбай, кырк чоро,
Кыргын чал менен Тазбаймат,
Азыр экөөң барасың.
Бейжай долу Каныкей,
Бейбактан кабар аласың.
Тил албаса канчыкты,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Эми дангыттарга жарып кел.
Канынан буйрук алган соң,
Кайран чалым канетсин,
Айбалта белге алды эми,
Кадимкидей Тазбаймат,
Жолдош кылып алды дейт.
Кан Манастын ордого,
Салып жетип барды эми.
"Көк жалым оой" деп бакырып,
Көбүн тамаша кыла чакырып,
"Эсил кайран оой" деп кыңкылдап,
Көбүн тамаша кылып былкылдап,
Алтымыш катын кошокчу,
Туу түбүндө Акылай,
Баякы кайран жеңең Каныкей,
Ыйлап турду буркурап:
— Кырктың кырк жерден келген ит элең,
Ит эмей кайсы киши элең.

Падышамдын барында,
Барып алдың Кокондү,
Кызыгын көрбөй сен жургөн,
Маргылаң кайдан соо калды.
Жетип алдың Ооганды,
Силер бузук салбаган,
Жеткайт кайдан соо калды.
Ак марал айдап уй кылдың,
Айтышкан жерди буй кылдың.
Онбуну бузуп олжо алдың,
Падышанын барында,
Ортосун бузуп жол салдың,
Кыркың кырк жерден келген ит элең,
Кымбаттуу Манас барында,
Кызырдуу кийин зоо болдуң.
Кызырдуу башаанын көзү өткөн соң,
Ордоду бузуп, кырк чоро,
Как өзүмө жоо болдуң.
Буламды булап алганы,
Буйругу экен кудайдын,
Турасыңбы, кырк чоро?
Бузукту бүгүн салганы.
Ошентип ыйлап буркурап,
Кайран жеңең канкорун,
Кошуп турду чыркырап.
Көз кыйыгын бир салып,
Көрүп турса Кыргын чал,
Алтымыш катын кошокчу,

Туу түбүндө Акылай,
Көшөгө ача салды эми.
Арт жагы менен чегинип,
Ал Акылай катындын,
Эмчегин кармап алды эми.
Менин айткан сөзүмө,
Көнөсүңбү, Акылай,
Көбөш сага кеп айтат,
Тиесиңби, Акылай?
-Макул болот, макул- деп,
-Макул жакшы, болот- деп,
-Кертайның калган чагында,
Арага келдиң, баатыр- деп,
Ал уулга тийбес катындын,
Жети атасы капыр- деп.
Муну көрүп калганда,
Баякы кайран жеңең Каныкей,
Көңүлгө батпай көп санаа,
Көзүмүн жашы он талаа.
Каздан тууган падышам,
Каргадан тууган иттерге,
Төшөгүм кантип бастырам,
Койнумду кантип ачтырам.
Бу көрөкчө өлөйүн,
Кантип тирүү жүрөйүн,
Туубай туна чөгөйүн !
Быяк жагын караса,
Асмандан түшкөн курч эле,

Айкөлдөн калган мүлк эле,
Зулпукорду табалбай,
Ыйлап турду чыркырап.
Султан жеңең Каныкей,
Боздоп турду буркурап:
— Асылымдын өлгөнү,
Кырк күнгө мезгил толо элек,
Кыстоо салып тургудай,
Катын алып тунгундай,
Каңкор Манас көк жалдын,
Каадалап ашын бере элек,
Мен кара бет шордуунун,
Башынан кара түшө элек.
Айткан сөзү биле элек,
Артында калган жетимдин,
Сүйлөп сөзгө кире элек.
Ай караңгы болгондо,
Түнү ушундай экен го,
Айкөлдүн көзү өткөндө,
Адам күн ушундай экен го.
Атаңдын көрү кырк чоро,
Кырктың кырк жерден келген ит элең,
Ит эмес кайсы киши элең!
Кырктын башы Кыргын чал,
Акылман туулган эр элең.
Арага келчүү сен белең,
Көкбөрү болуп сүйрөтүп,
Иттерге тийчүү мен белем.

с.м. 6 стр.

Падышамдын барында,
Кантты кардай кемирдиң,
Аракты суудай шимирдиң,
Канга кирип катыктың,
Барың бирдей чогулуп,
Кабылан чоро атыктың.
Шай колдогон шер болдуң,
Көк жалымдан эр болдуң.
Көзү жок итке тийгин деп,
Көп шорго калган мен болдум.
Падышамдын барында,
Барып чыптың Ooганды,
Маргалаң кайдан соо калды.
Жетип чаптың Ooганды,
Жеркен кайдан соо калды.
Каралуу турсаң көзүмде,
Эмчегиме кол салып,
Келжиретип өзүмдү,
Келеке кылдың сөзүмдү.
Кырктын башы Кыргын чал
Курга түйгөн кат урсун,
Баякы убадалашкан ант урсун.
Сен арага кантип жүрөсүң,
Мен арамга кантип тиемин.
Кумпайдан тууган төрөмдү,
Кузгундан тууган иттерге,
Төшүмдү кантип ачтырам.
Төшөгүм кантип бастырам.

Деп ошондо муну айтнп,
Эр мүчэлүү Каннкей,
Каны качып мостоюп,
Кайраттанып сумсайнп,
Арстандай көрүнүп,
Оозунан заарн төгүлүп,
Каалгадай кайран тиш,
Ошондо таруудайдан бөлүнүп,
Кан ичмеси кармады,
Арага келген Кыргын чал,
Ошондо курмандыкка чалгандай,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Ошону даңгыттарга жаргандай,
Кайран жанды аябай,
Кабылан жеңең Каннкей,
Кабарга келген арамга,
Бир балакет салгандай.
Эр мүчэлүү бейбагың,
Эпчи жагын караса,
Асмандан түшкөн алтн курч,
Керегеге илинбейт,
Кайда экени билинбейт.
Ак сандыкты караса, хх
Алтн мырзат кырк нарда,
Катып алган ак тинте,
Сабы чыгып туруптур,
Сабынан кармап кабыштап,
Оң колуна табыштап,
Сырын билген Кыргын чал,

Аркасынан Таз баймат,
Качмак болду арыштап.
Мууну кетип буркурап,
Арага турган Тазбаймат,
Каныкей түрүн көргөндө,
Качып чыкты дыркырап.
Алтымыш катын кошокчу
Акылайы баш болуп,
Баарысы качты быркырап.
Кырктын башы Кыргын чал,
Тазбаймат экөө биригип,
Камынып атка минерде,
Алты арам качып киреерде,
Баякы кабылан жеңең Каныкей,
Түп этектен алды эле,
Бөйрөккө өксүп жеталбай,
Тегирмендей куйруктун,
Теңин бөлө чапты эле.
Акылынан антаңдап,
Шашып калган кези экен,
Бер жагынан Тазбаймат,
Качып калган кези экен.
Чындап кудай колдосо,
Чын бабедин жар болсо,
Кыямат кеткен көк жалдын,
Чын арбагы бар болсо,
Каарынан Каныкей,
Ачууланып мунуайтып,
Асыл жеңең Каныкей,

Акка мойнун бурду эле.
Кадимкидей Тазбаймат,
Качнп жүрүп кетерде,
Ак тинте менен урду эле,
Оң далннын бөксөсүн,
Оюп өттү Ак тинте,
Кабнргадан экөөнү,
Союп өттү ак тинте.
Тазбаймат менен Кнргнн чал,
Чакчөлекей чаң болуп,
Кнзнл ала кан болуп,
Сур кнзнл менен Кер телки!
Баскан сайнн жорголоп,
Жаралуу болгон иттердин,
Денесинен аккан кан,
Тердигине шорголоп.
-Кокуй-кокуй белим- деп,
-Журтту бузган кере бет,
Ондурбай бизди жеди- деп,
Кнз эkенде кнлнм чайкап, журт бузган,
Түбүбүзгө жетти- деп,
Калың кайдн орду- деп,
Кайнатнп ийди шорду- деп,
Бекип жаткан бели бар,
Бейпай долу капнрднн,
Бел байлап жүргөн жери бар.
Алтн миң жамбн, миң кундуз,
Барага Бакай жеп алнп,
Текеченин Ормонбек.

Качнрнп берчүү чени бар,
Эпалам бншнк кеби бар,
Силерге өлтүрсө тийбес чени бар.
Көөнү келсе Каныкей,
Буланды булап алгндай,
Бузукту бнйнл салгндай,
Арага барган жан болсо,
Кармап алнп ушунтип,
Жол үстүнө жаргндай.
Айласы жетсе, Каныкей,
Бийдердей даңгнттарга салгндай.
Абыке, Көбөш каннна,
Айтып берди Кнргнн чал,
Тазбайматн кошо айтып,
Алтн арамдын баарына,
Төрт түлүгүн чачкени,
Арамдарды азнр кудай чнн урду,
Төрөнүн зайбн Каннкей,
Төбөсүнөн басканн,
Буланн булап алганн,
Бузукту мнктап салганн,
Тил алса алтоонун бирөө алганн,
Тил албаса бейбактн,
Мүшкүлдү башка салганн,
Алдейлеп турган Семетей,
Убаданн бек кнлдн,
Балтнр бешик чагн экен,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгнттарга жарганн.

Зордук менен Каныкей,
Алтоонун бирөө алганы,
Жыртык кара үй берип,
Жырык кара уй берип,
Алкымдагы бадачы,
Бадачыга саанчы кылып салганы.
Убаданы бек кылды,
Долудан кап ка дагы кегин алганы.
Кер байталды мингизип,
Кементайды кийгизип,
Өткөн Манас туйгундун,
Өлгөнүн минтип билгизип,
Таманын тилип туз салып,
Сүйсө алтоонун бири алууга,
Сүйбөй койсо жеңенди,
Тындым кылып салууга,
Ак буудай унун чайнашып,
Катар туруп алты арам,
Уушташып колду кармашып,
Убаданы бек кылып,
Өлүп кетер шерт кылып,
Ошо шерттин ичинде,
Абыке,Көбөш эки арам,
Чийбыты,Кочкор терт арам,
Ажыбай,Көлбай алты арам,
Боз ала желек туу болуп,
Кан болуп экөө барганда,
Минтсе канчык оң кылбайт,
Эзелде бизди соо кылбайт.

Жетим уулу чоңойсо,
Буурусунду бурдурбайт.
Бизди бу Таласка тургузбайт.
Жалдуу байтал мингизбейт,
Куйруктуу козу жегизбейт.
Шамыянды шайлатпайт,
Жазгы коштү айдатпайт.
Жердин үстүн ачтырбайт,
Кочуч тукум чачтырбайт.
Чалгырты турат көзүндө,
Чамасы келсе ал канчык,
Чалганы жүрөт өзүмдү.
Кыйшыгы жүрчүү сөзүндө,
Кыңырты жүрчүү көзүндө,
Кыябын тапса ал канчык,
Кылганы жүрчүү өзүмдү.
Канкору тирүү барындай,
Тыншабай турат сөзүмдү.
Арачыма сын кылып,
Канчыгың акмак кылды өзүмдү.
Тийүүчү болсо долунун,
Бүгүн жообун алалык.
Тийбей койсо долунун,
Бүгүн башына дүмөк салалык.
Кайраттуусун көрөлүк,
Канкор Манастан калган сан дүйнө,
Бүгүн камчыга ченеп бөлөлүк.
Төбөсүнөн басалык,
Төрт түлүгүн чачалык.

Тийип алнп бээсин,
Чнгаралнк кап-кайдагы кээсин.
Жакнн келсе канчнктнн,
Жайнатнр муштап мээсин.
Талнн кнйнп сулатнп,
Тамнннн баарнн уратнп,
Кнлнчка таккан кнн кнлнп,
Кнзнталак күңгө снн кнлнп,
Тийбей койсо тегеле,
Адам кнлгнс чнр кнлнп,
Мындан кийин жесирлер,
Жесирдей болуп жүрүүгө,
Калайнкка снн кнлнп,
Деп ошентип алтн арам,
Айбалтасын шайлашнп,
Алоокенин Коңурбай,
Алнстан кнтай келгенсип,
Айнлнн камай бергенсип,
Найза, мнлтнк камдашнп,
Барабаннн урушуп,
Бардигер колун жнйншнп,
Жазбай аткан мергенин,
Жакалата каптатнп,
Найзакерден нктууну,
Алнп калган кези экен.
Акнл табар мнктууну,
Кнрк чоронун кнйнны,
Нраман кандын Нрчы уулу,
Нраазн болбой адамдын,

Тилин албай жамандын,
Кырк чоронун ичинде,
Айтып турган кеби экен.
—Көк жал Манас барында,
Көөнүбүз келсе өзүбүз,
Көк жайык бойлой түшчү элек,
Кара сурдун сулуусу,
Ургачынын нурдуусу,
Кайран жеңем Каныкей,
Колунан даам иччү элек.
Кечээ Жылгындуунун оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Аргын кыргыз үй тартып,
Конуп жаткан кезинде,
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Болуп жаткан кезинде,
Кош коштон кылган суусар берк,
Ыргып турган кезинде,
Кошуп билип ааламды,
Жыргап турган кезинде,
Атсыз келдик биреөбүз,
Арбак бизди урбайбы,
Атасыз келген чорого,
Аркар аяк, жез билек,
Ат тулпарын мингизди,
Тонсуз келдик биреөбүз,
Тонсуз келген чорого,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,

Келеме бото, кең күрмө,
Тои мыктысын кийгизди.
Мына ошентип турган Айкөлдүн,
Вайбына кантип тиебиз,
Кыямат кеткен жан достуң,
Тузуна кантип сиебиз.
А дүнүйө кеткен көк жалдын,
Ордосун кантип талайбыз.
Ошентип тапкан Семетей,
Балтыр бешик чагы эле,
Баатырдын баласын кантип сабайбыз.
Он эки бирге кол берген,
О дүйнө кеткен асылдын,
Ордосун кантип талайбыз.
Биз Таласка келгени,
Аркардай көзү жайнаган,
Асыл жеңем Каныкей,
Эне ордуна кармаган,
Бу Каныкейге келгени,
Аракка чайкап, бал берди,
Алтынга салып, эт берди,
Ок өтпес тонду кийгизди,
Чалыяр жетпес Бээжинге,
Чамандарды тийгизди.
Унуттунар, кырк чоро,
Кыямат кеткен төрөңдү,
Эми кантип талап алабыз?
Ант урса, бизди урбайбы,
Арбак бизди сорбойбу!

Курама темир курч эмес,
Кул өскөн иттер журт эмес.
Кайгырып келген адамга,
Кадыр түн өңдүү түн кайда?!
Канкоруңдун барында,
Кырк чоро кутура турган күн кайда.
Берениңдин барында,
Бээжинге чамаң жетти эле,
Бешикте бала, катынын,
Белсенип чаап алам деп,
Берекең эми кетти эми.
Канкордун өлүп калганы,
Ойлосоң кырк күнгө мезгил толо элек,
Каныкей жесир болгону,
Кыйладан кыркы сына элек,
Адамдын жүзүн көрө элек.
Арага элчи салгыдай,
Манастын ашын бере элек.
Куйуп турган долуга,
Куйуттуу кантип салабыз,
Күн-жаңжуң калкы кытайдай,
Куйукпөй кантип чабабыз.
Достубуз Манас берендин,
Төбөсүн кантип басабыз.
Каңкоруң Манас берендин,
Казынасын иттер ай,
Кай бетиң менен чачабыз?
Кырк жерден келген кырк чоро,
Касиеттүү жан кылды,

Белди бекем буулук,
Медер кылып жетимди,
Бээжиндеги кытайдан,
Берендин кучун куулук.
Белгилуу Манас көк жалдын,
Арбагын минтип сыйайлык.
Ордосун талап албайлык,
Ойлогула, чоро, кебимди,
Ой дуйнө кеткен Манаска,
Айтылышы чын болсо,
Биз кара эшек болуп калбайлык!
Бет алып чыккан тоо барбы,
Баарыбыз чыгып белсенип,
Бээжинден келген жоо барбы,
Камынып найза алыпсың,
Жетим менен жесирге,
Бет алып журуп калыпсың.
Кашаты бийик коо барбы,
Кан Коңурбай баш болуп,
Каңгайдан чыккан жоо барбы?
Алтынды жыйсак таш болду,
Алты арам журтка баш болду,
Бир жагынан бузулуп,
Кан Жакып чочко кас болду.
Казганы калың ор болду,
Кайран жеңең Каныкей,
Башына калың шор болду.
Айтканын албай кырк чоро,
Кайран Ырчы уул кор болду.

Чалыяр жетпес Бэжинге,
Алтай аким кан кылды.
Алармандуу кырк чоро,
Ар кайсынар Бээжинден,
Алты минден ат алдың,
Алалбаган начарың,
Алты жүздөн ат алдың.
Сулайман тийбес Бээжинге,
Сурак алып, кан болдуң,
Билге жүктөп дилде алдың,
Бөлөгүн а тып нетейин,
Кабылан Манас барында
Кара көздөн миңди алдың.
Кара шаар, Камбылың,
Аким түшүп камадың,
Манаска келип кан болдук,
Баарыбыз тоодой жан болдук.
Кара ылаачын теппеген,
Казда бүтүн калбады,
Каардуу колуң ти беген,
Калкта бүтүн калбады.
Кайра тартып Каныкей,
Тилимди алсаң, кырк чоро,
Жеңекеме баралык!
Катында болсо жеңемди,
Караан кылып алалык.
Семетей он экиге чыкканча,
Жетимди эптеп багалык.
Бала он экиге келгенде,

## КӨБӨШ КАНЫКЕЙДИ ТАЛАП АЛГАНЫ

Казына бузуп арамдар,
Бүтүн кундуз терисин,
Жара бөлуп жиберип,
Багалакка салыптыр.
Байы өлгөн кулдай барбактап,
Чаначтай мурду дардактап,
Ошо кезде Көбөшү,
Султан болуп калыптыр.
Кыркы кырк жерден келген ит эле,
Көбөштүн тилин алыптыр.
Кылычтары кылкылдап,
Ошондо найзалары былкылдап,
Он башчысы ороктоп,
Найзалары короктоп,
Боз алалуу туу болуп,
Бойбойлогон чуу болуп,
Айчыгы алтын туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Алты арам журтка баш болуп,
Каныкей менен кас болуп,
Көктөн көк ала кыян тутулуп,
Ырамандын Ырчы уулу,
Атасынын шаарына
Көрүнө качып кутулуп.
Каптап келет калың кол,
Аркада эркек бала жаш,
Кайнамак болду эми шор.

Айтсам, сөзүм зор эле,
Алты айчылык азапты,
Азыр эле билүүчү,
Каныкейдин өзүндөй,
Бөлөкчө сезим бар эле.
Ийиниңдеги баласы,
Көнчөктөн тартып кыбырап,
Кулагына жеңеңдин,
Айтып койду шыбырап.
Кара сурдун сулуусу,
Ургачынын нурдуусу,
Кайран жеңең Каныкей,
Асмандан күнү бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип,
Алтымыш ат, кырк нарга,
Сатып алган ак тинте,
Сабынан кармап кабыштап,
Алтымыш катын кошокчу,
Тулга отурган Акылай,
Манастын улуу катыны,
Алтымыш катын кошокчу,
Баарысын кармап сойсом деп,
Жеңекеңдин ошого келген акылы.
Эр мүчөлүү Каныкей,
Кумсарып өңү бузулуп,
Каны качып зирилдеп,
Жеңең кирип барганда,
Алтымыш катын кошокчу,
Акылайы баш болуп

Качып чыкты зирилдеп,
Ойрон жеңең Каныкей,
Акылайга барганда,
Оозунан көк жалын чыгып шыркырап.
Каалгадай кайран тиш,
Таруудайдан бырКырап,
Өрт аралаш көк жалын,
Оозунан буркурап.
Ой катын, Алты шаар, Кокондон,
Аким түшүп, сени алган,
Ачылбас капка Букардан,
Алты жол чаап мени алган.
Ак байбиче атыгып,
Тулга отурган сен элең,
Тууралаңган туйгунга,
Туймуйган токол мен элем.
Атаң Шооруқ шаарында,
Аттап алтын зер берип,
Алты керткен бул жыйып,
Алты ай тынбай атышып,
Алты кан элин сарыптап,
Айдап алтын мал берип,
Азапта калган сен элең.
Атам Темир кандын шаарынан,
Тентегимден кабылып,
Ат көтү бейбак мен элем.
Теги ары жок экенсиң,
Канкорумдун өлгөнү,
Кырк күн боло электе,

Беренимди унутуп,
Сен белгилүү жер издеп,
Берендин көзү өткөн соң,
Калыптырсың катын сен,
Бөп-белгилүү эр издеп.
Бул ордодон кет, катын,
Сен мураасыңа x) жет, катын,
Бел байлаган белиңе,
Көрүнбөстөн кет, катын,
Жанакы тие турган эриңе!
Сенин дагы менининдей үйүңдөй үйүң бар,
Малыма тете малың бар,
Бел байлаган белиңе,
Бейтаалай катын, азыр чык,
Жанакы тие турган эриңе!
Алтымыш катын кошокчу,
Акылайды баш кылып,
Айдап чыкты ордодон.
Акылай чыкты зыркырап,
Жеңендин турун көргөндө,
Алтымыш катын кошокчу,
Ордодон качып дыркырап.
Берендин көзү өткөндө,
Мураска кантип жетем деп,
Баякы берен жеңең Каныкей,
Берениңдин чоң дүрбү,
Белекке кармай кетем деп,
Кайра байлап капшырып,
Берендиндин чоң дүрбүнү,

Белекке жыттап жүргүн деп,
Кайра байлап капшырып,
Бөлдемчинин бүгүшкө,
Бек бекитип тапшырып,
Ошондо каралуу катын Каныкей,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Чыркырап ыйлап сабылып,
Ак Байбиче энеси,
Чыйырдыга жалынып,
—Эй кагылайын, энеке!
Өзөн бойлой кондук ээ!
Асылымдан айрылып,
Өрт өчкөндөй болдук ээ!
Энеке, аякка түштү темир тор,
Энеке, маңдайга келди калың шор,
Кара белес жылгадан,
Кайрыла турган кез келди,
Кан төрөдөн калган баладан,
Энеке, айрыла турган кез келди!
Тулпардан калган туягың,
Туйгундан калган чырагың,
Энеке, боз ала тунжур болпонуң,
Ачан жүрүп чоңойсо,
Боз ителги шумкарың.
Туу казанат балаңдан,
Туулуп калган чунагың!
Найзага таккан желегиң,
Айкөлдөн калган белегиң!

Кагылайын энеке,
Төбөбүзден басат бейм,
Төрт тулукту чачат бейм!
Асылдан калган мерзентиң,
Семеңди кармап соет бейм.
Туйгундан калган чыракты,
Арамдар жайлап коет бейм.
Иттерди кудай урат бейм,
Алтынды талап тунат бейм,
Жалгызың союп өлтүрүп,
Өрт өчкөндөй кылат бейм.
Балтыр бешик баланы,
Байкап акыл таппасак,
Колуңдан сууруп алат бейм!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат бейм.
Энеке, казгалдак деген кайран куш,
Кайрылбай учат"талаа" деп,
Канчаны көрөт экенбиз,
Энеке, карындан чыккан" бала" деп.
Кулаалы деген курган куш,
Куюлуп учат "талаа" деп,
Куруп кетет экенбиз,
Энеке, курсактан чыккан" бала" деп.
Капчыгай элек, жол болдук,
Энеке, кан уулуңдан айрылып,
Кан заада элек, кор болдук.
Энеке, Чалкар көл элек, баЙндык,
Энеке, уулуңардын барында,

Эчен ,жерден шер алдык,
Буйругу экен кудайдын,
Калмышында уулуңарды жеп алдык.
Кымыз ичпес кайран жан,
Эми кара сууга зар болдук.
Арак ичпес кайран жан,
Эми ачкыл сууга зар болдук.
Энеке, түгөнгөн тоонун урчукта,
Түз болгон тоонун тумшукта,
Кең Ак чийдин бетинде,
Кара жолдун четинде,
Уулуңдун коргончо,
Коргончого корголоп,
Уулуңдан калган ботоңду,
Энеке, бооруна бассаң бейм,
Үйрүлмөнүн кара зоо,
Мелтиреп жаткан үлкөн тоо,
Энеке, олону көздөй качсаң бейм!
Моло таштай балаңды,
Бооруна алып бассаң бейм!
Жазгырып көзгө көрөзбей,
Жалгызың ала качсаң бейм.
Алты арам келсе, оң кылбайт,
Энеке, жалгызыңды соо кылбайт.
Кагылайын энеке!
Мураазыңа жетсең бейм.
Колуңдагы жалгызды,
Таласка кирип жашырып,
Мазарында жатсаң бейм.

Алты арамга көргөзбөй,
Баланды ала качып кетсең бейм!
Энеке, Таластай боюң жашырчы,
Энеке, жалгызыңды качырчы,
Кеңколго боюң жашырчы,
Энеке, кесир тийип кетет ко,
Ажалы минтип жетет ко,
Энеке, жетимиңди качырчы.
Будурмак кирип корголо,
Буйругу экен кантебиз,
Энеке, алдырып койсоң жаман ат,
Энеке, менен жетимим,
Бир өзүңө аманат!...
"Ала кач"деп Канышкей,
Чыйырдыга жалынып,
Ыйлап турду буркурап,
Чыйырды туруп муну айтат;
—Кумпай эмең Чыйырды,
Кургуруң карап турганда,
Кулдарың колуң салалбайт,
Курган энең турганда,
Кулдарың тартып алалбайт.
Кумарымды жазам бейм,
Кулунум бала жетимди,
Мен боорума басып калда
Жаныма бирөө келалбас,
Канышым, көзүмдү бирөө көрө албас.
Арстан элем колобос,
Жамандардан жаныма,

Бирөө келип жолобос.
Каран күн, не дейсиң,
Каты күн, эне, не дейсиң,
Алты арам антип жүргөнү,
Аттан түшүп алганы,
Энеке, асылыңдын бардыгы,
Жанына жакын келбеси,
Ак жүзүңдү көрбөсү,
Энеке алты арам ~~үчүндөгү~~ арамы,
Андан көрө, энеке!
Ала качкын токтобой,
Мынамбу Айкөлдөн калган баланы.
~~Эсен~~, уулуң мында жок,
Бел байлаган белиң жок,
Энеке, бекип жаткан жериң жок.
Бет алганды жыгуучу,
Белгилүү Манас шериң жок!—
Сексенге чыккан Чыйырды,
Моло таштай жетимди,
Бооруна кысып чыркырап,
Булкулдап ыйлап, тоо көздөп,
Энекең басып кетти буркурап.
Дүпө-дүпө жетелүп,
Манастан калган жетимин,
Түйшүктүү тартып Чыйырды,
Моюнга салып көтөрүп,
Таманын ташка таптатып,
Чекесин күнгө какталтып,

Багалчак этти жоорутуп,
Энекең балтыр этин оорутуп,
Энеңдин жатарына кабак жок,
Энендин ичерине тамак жок.
Кепич киибей, байпакчан,
Кейит экен чунак жан,
Өтук кийбей, байпакчан,
Кудурет өзү каалап албаса,
Тегеле өлмөгү кыйын чунак жан.
Белести бейлеп аша албай,
Энекең белгилүү жерге баталбай,
"Беренден тууган бала"деп,
Энекең бет алып жайга баталбай.
Адырмак басса, ал кетип,
Ошондо энең Чыйырдыдан жан кетип,
Кайыпчынын кара үңкүр,
Корголоп энең жатты эле.
Мекен кылды үңкүрдү,
Бек кейитти куу жанды.
Бек жаман болду санааны,
Балтыр бешик баланы,
"Казгалак деген кайран куш,
Кайрылып учат" талаа" деп,
Картайып келген кезимде,
Көмүүсүз өлмөк экенмин,
Карындан чыккан"бала" деп,
Талаага бүткөн кемирчек,
Мен шордуу кертип өлмөк экемин.

Кайран бир журттан айрылып,
Мен шордуу тентип өлмөк экемин.
Алтындап жыйган казынам,
Чачып өлмөк экемин.
Кулунум Манас өлгөндө,
Картайып келген чагымда,
Мен шордуу качып өлмөк экемин...
Калдандап жору учпаган,
Жерде өлмөк экемин.
Как эткенден карга жок,
Мен шордуу чөлдө өлмөк экемин..."
Өкүрүп ыйлап Чыйырды,
"Өлөм"деп турат арынан,
Көбүрөөк өлбөй турганы,
Чунагы Семетейдин баарынан.
"Манасымдан айрылып,
Маргалаң кирип мен тентип,
Не муразга жетейин!
Ушу сапар чагымда,
Сазамайымдын агында,
Сапарымдын барында,
Сандалдым тентип мен шордуу,
Не муразга жетейин!
Ушу жерде курган жан,
Эмесе курмандык болуп кетейин.
"Жан"деп кудай жаратсаң,
Алда таала бир кудай,
Жакшылап буйрук кыла көр,

Жебирейип жан тарткыч
Беш колуң мага суна көр,
Береги жанды кыя көр!..
Мунажат кылып чыркырап,
Буйругу экен кудайдын,
Карыганда энекен,
Боздоп турду буркурап,
Баса турган шайтан жок,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Карыган байкуш Чыйырды,
Кыймылдай турган айлы жок.
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Мурундун суусун тарталбай,
Көзүнүн жашын арталбай,
Алача моюн ак шамшар,
Ала коюп кынынан,
"Өмүр өлөйүн" деп ой кылды,
Ошондо балтыр бешик Семетей,
Колун сунуп барбактап,
Пычагын кармап кемпирдин,
Колун сунуп төшүнө,
Күлүп турду дардактап.
Тулпардан калган туякты,
Туу казанат чунакка,
Алыска сапар жол жүрсө,
Буудан кылып берейин,
Асылым Семетейиме,
Баланды тууган кылып берейин.
Чынар бакты сыйласаң,
Кара күн баланды барын көрейүн

Семетейдин сыр бешик,
Мен сыр бешикке бөлөйүн.
Жети аркар жылдыз батканча,
Баланды жети айлантып эмизип,
Баланды жеткилең кылып багайын.
Атышка кирсе ок өтпес,
Ак олпок тонду жабайын,
Семетей менен бу бала,
Экөө бир күн туулду,
Мен эгиз кылып багайын.
Экөөнү төрөп турганда,
Канкорум тоюн кылганда,
Орус тоюн жеп кеткен,
"Анан жүрсө бул экөө,
Ойротту бузган" деп кеткен,
Экөөнүн тоюн бергенде,
Кытай тоюн жеп кеткен,
"Экөө бирдей чоңойсо,
Тегеле кылымды бузат" деп кеткен.
Асылым көк жал барында,
Бөлүм кылбай балдарды,
Өлгөндө көргөн чунак деп,
Өлүп калсам бул балдар,
Талаага жетим кылбасын,
Туйгундан калган чунакты,
Менин бейжайлыгым сында жок,
Бели үзүлүп, түн түшүп,
Бозилдеп ыйлап турганда,
Береги башка күн түшүп,

Базеленип боздосом,
Карыянын багы жок,
Бел ашырып койгонго,
Беренин Бакай дагы жок,
Арманын айтып чыркырап,
Асыл энең бүктүштү,
Кыймылдаарга шайман жок,
Энең төбөсү менен тик түштү.
А дүнүйө Манас кеткени,
Ажыбай, Бакай каны жок,
Бусайын десе Чыйырды,
Дарманы кетип алы жок,
Качып кетер токой жок,
Кара кылар ногой жок,
Баласы Манас барында,
Байбиченин улуктугу сында жок.
Уйпалып азап тартканда,
Уя болуп берүүчү,
Аргын, кыргыз мында жок.
Жатып кетер кабак жок,
Жетимге оозандырар тамак жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Опасы тар шум жалган,
Ушундай экен дүйнө чок.
Айтарына тил калбай,
Эстен кетти алактап,
Эсинен танып байбиче,
Жыгылып түштү шалактап.

Муну мындай таштайлык,
Эми бер жагынан баштайлык.
Кайран жеңең Каныкей,
Калып калган башында,
Канкорунан айрылган,
Отуз эки жашында.
Каралуу калган Каныкей,
Жетим калган Семетей,
Бөлим бошоп тургандай,
Береним асыл мындабы?
Бек амалды кылайын,
Береги Кара күндүн баласын,
Мен бешикке бөлөйм деп сурайын,
Таңгы чыккан чолпондой,
Болжош кылып берейин,
Айкөлдөн калган чунагым,
Бир Семетей жалгызга,
Жолдош кылып берейин.
Кудайдын салган буйругу,
Эми маңдайга жазса көрейүн.
Найзага таккан желекке,
Айкөлдөн калган белекке,
Тулпардан калган туякка,
Арт жакка калчуу туяк деп,
Ак боз бээни алдырып,
Миң кара кашка бээ союп,
Азый чыкма тай тайлак,
Төө ичинен төө союп,
Чыйырчыктай сарала,

Жылкыдан кармап тай союп,
Биреөнүн атын Семетей,
Биреөнүн атын Жоо бузар,
Катарлап атын койду эле,
Артымда караан болот деп,
Көк жалым капарсыз барын жойду эле.
Бу кепти угуп Кара күң,
Жин ургурду жин урду,
Тил тийгизбес Айымга,
Тил тийгизип жиберди,
Катын укпаймын сенин сөзүңдү,
Көбөшүм чукуйт көзүңдү,
Абыке бузар айлыңды
Канчык кетирер сенин дайныңды.
Катыныңда сен долу,
Каада чайкап, калк бузар
Кыз эңкенде сен долу,
Кылым чайкап, журт бузар.
Бейжайлыгың койбодуң
Берен Манас көк жалдын,
Дүйнөсүнө тойбодуң.
Менин балага көөнүм ток экен,
Сага Семетейиң эң керек,
Мага баланын кереги кылча жок бекен.
Долум күн дегениңе көнбөймүн,
Мен баламды бербеймин,
Деп ошондо муну айтып,
Козу кара кочкордой,

Кодоңдоду кара куҥ,
Эркек кара каргадай,
Олондо чодоңдоду кара куҥ.
Кара куҥ кебин укканда,
Кайран жеҥеҥ ардыгый,
Аргынын тийип бой кылып,
Кара куҥдын колуна, зордугын
Эми карбтын деп ой кылды
Эми өлөйун деп ой кылды, же болбосо
Кабыргазы сөгулду,
Көҥулу жаман болунду.
Кабылан төрөм, өлбөй кал,
Каргага казды жегиздиҥ,
Колумда Кара куҥуме,
Мени кара бет долу дегиздиҥ,
Куу деген бир кайран куш,
Кулаалыга жегиздиҥ.
Курдашым төрөм өлбөй кал,
Курбу, курдаш Кабсын,
Мени кууруган катын дегиздиҥ.
Атаҥдын көру кара куҥ,
Сенин башыҥды кесип алайын,
Кейиттин жаман зеҥимди
сени Курмандыкка чалайын,
Кара куҥ кача бергиче,
Каныкей кармап алды эми,
Кый субөөнун бети деп,
Өпкөнун берки чети деп,
Алтымыш атан, кырк атка,
Сатып алган Ак тинте,
Кайран жеҥеҥ Каныкей,
турун калды эми.

Кайран жеңең Каныкей,
Кара күңдү сойду эми,
Коломтонун жээгине,
Бүктөй салып белинен,
Туйдурма салып койду эми.
Кара күңдүн жоо бузар,
Башына баргек алтын жөлөдү,
Аягын чылк дилдеге бөлөдү.
Оң эмчегин эмизип,
Ойлонбой турду жеңекең,
Бала эмизип турганы,
Топ дүнүйөнү чачууга,
Арышты уруп жеңекең,
Жоо бузарды көтөрүп,
Жоон дөбө көздөй качууга.
Тел эмизип балдарды,
Темир кан тентип кетүүге,
Ой келтирип жеңекең,
Ойрондор кирип келгенче,
Кара кан кирип кетүүге.
Жеңең ордодон качып чыкканча,
Боз ала желек кызыл туу,
Бой-бойлогон ызы-чуу,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Адырдын баары бакырык,
Кулак салып байкаса,
"Көбөштөп" ураан чакырып.
Кырандын баары бакырык,

Кылчайып жеңеҥ байкаса,
Кочкорлоп ураан чакырып,
Кудай бетин корсетпо,
Найзанын башы кагышып,
Адамдын башы чабышып,
Жээк тартып кылкылдап,
Жерге тартып былкылдап,
Камыштан бетер сел болуп,
Канча жүзчө эл болуп,
Баякы Манастан калган кырк чоро,
Кырк кырк жерден келген ит чоро,
Бирөө Алтайдан келген эмеспи,
Бирөө Каҥгайдан келген эмеспи,
Бирөө кытайдан келген эмеспи,
Бирөө Кырымдан келген эмеспи.
Карчыга үндөп далбаага,
Кырк чоро карабай койгон арбакка.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
Каарданып бакырып,
Манас атын өчүрүп,
Көбөштөп ураан чакырып.
Калың кол каптап келди эле,
Тел кызыл минген Бай чоро,
Ант ургурду көрдү эле.
Жекени белге курчанып,
Жеке кирди кол салып,
Жеке кирген себеби,

Кудайдын сүйгөн кулу эле,
Манас менен Байчоро,
Ага-ининин уулу эле.
Тел кызыл оозун буручу,
Арбагын сыйлап Манастын,
Ордосун багып турчу эле.
Абыке,Көбөш арамдын,
Жоо болорун билген жок,
"Казылган калың орго" деп,
Береги башка түн түштү,
"Береги Бээжинден келген кол го деп,
Каардаңып бакырып,
Ошондо Манастап уураан чакырып,
Кайра айдап калың кол,
Кайра тийди сапырып,
Чыйбыт менен Кочкорго,
Жебеден мурда жетти эле,
Жеткен жерде бул экөөн,
Катар муштап өттү эле.
Байчоро,Манас дегенде,
Жамандардын баарысы,
Көбөш, Көбөш,Көбөш деп,
Көбөштөп уураан чакырып,
Баякы Манастан калган кырк чоро,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Байчорону ошондо,
Баары каптап кетти эле.
Чыйбыт,Кочкор эки арам,
Адыбай,Колчой төрт арам,

Мунун баары жетти эле.
Калың кол каптап келгенде,
Жерге жарык тийгенде,
Таң кашкайып сүргөндө,
Астындагы Тел кызыл,
Мүдүрүлүп өткөнү. кеткени.
Баякы Манастан калган кырк чоро,
Айбалталап токмоктоп,
Байчорого жетти эле, кени.
Арбакты сыйлап Байчоро,
Колго түшүп кетти эми, кеткени.
Байчоро анда муну айтат:
— Жолдош болгон кырк бөрү,
Кезба менин орумду,
Кайнатпагын, акелер,
Кеп-кайдагы шорумду.
Башыма салбай дүмөктү,
Киши кылбас сонунду,
Төкпө менин канымды,
Кырк аба, кетирбегин алымды,
Кыйба кызыл жанымды,
Агызба суудай канымды.
Кырк арстан абакем!
Кыйындыгың билгемин,
Кыямат кеткен Манастын,
Кылыгын актап жүргөмүн.
Бир күнү тозуп туруштум,
Айкөл төрө Манастын,
Арбагы үчүн урруштум.

Атсыз жанга ат берген,
О дүйнө кеткен Манас шер,
Антын сыйлап уруштум.
Артыкча наадан өзүм мен,
Алтын шердин кенжеси,

О дүйнө кеткен адамдын
Мен антын сыйлап жүрөм деп,
Сур кызылдын токтугу,
Соо болбой колго байланган,
Менин акылымдын жоктугу.
Атаңдын көрү кырк кыраан,
Асыл Манас барында,
Алтын шаар Кокондон,
Айда сабап калкынан,
Алтын миң жамбы, миң кундуз,
Алым алдык ошондон,
Асыл Манас өткөндө,
Алым турмак таш бербей,
Анжыян кетти жайына.
Үйкүгө көзү илинди,
Ошол кеп Манас көк жалдын
Өлгөнү байыл билинди.
Кайран шердин барында,
Калдайды сабап билчүү элек,
Кастарын тиккен душманга,
Оюбуз менен кирчүү элек.
Эриксек элик атчуу элек,
Эрикпесек Таласта,

Султан болуп жатчу элек.
Карагай найза жой болот,
Кармаганда дөө болдук,
Каныңыз Манас өлгөн соң,
Баатырлар, кан төгүшүп, жоо болдук.
Убадалуу кеп кетти,
Адырдагы жылкыңды
Эми Анжыян/ тийип жеп кетти.
Кан Манастын барында,
Калдай менен Шибенин,
Тентирин кошуп сабадык,
Каканчылуу Бээжинди,
Алтай аким биз болуп,
Чоң Бээжин журтун Кан алдык.
Чоң Бээжинден уз алдык,
Айжаңжуң кызы Бирмыскал,
Бурулча баштап кыз алдык,
Кумардан чыктык Бардык кыз
Ээрчип жүрүп жан болдук. Манасты
Сулайман баспас Бээжинге,
Сурак алып кан болдук.
Султандын көзү өткөндө,
Мына минтип жай болдук.
Ойлогула кырк кыраан,
Өзөндөн аккан булагы,
Ушу чаап алчуңар,
Кыргын салып барчуңар,
Кан Манастын Семетей,
Балтыр бешик чагы эле,

Өлгөндө көргөн чунагы.
Жесир менен жетимди,
Жалкелеп кантип чабабыз,
Кыямат кеткен Манастын,
Чычкандай жалгыз баласын,
Кантип талап алабыз?
Атаңдын көрү кырк чоро,
Теги акылың жок экен,
Тереңден чуңкур коон жок,
Куралышып алыпсың,
Тегиз найза алгыдай,
Бээжиндеги Коңурбай,
Белгилүү жерде жоон жок.
Салышып согуш кылууга,
Байчородо арман жок,
Арамга алы жетеби!—
Алышкан менен чородо,
Бир кенедей айла жок.
Арбак күткөн Байчоро,
Антпесе өлүм болбойбу,
Ал акылды таппаса,
Ошо турган кырк чоро,
Кармап алып сойбобу.
Койдой башын кеспейби,
Коондой ичин жарбайбы,
Байчородон пайда жок,
Жеңең Каныкейде айла жок.
Төрт күлдүн төмөн жагында,
Төрөм Манастын сайган багында,

Кайнардын кара кезүндө,
Как чынардын өзүндө,
Кан Манастын зор ордо,
Зор ордону бет алып,
"Көбөштөп" ураан чуу тартып
Найзаларын шайлашып,
Айбалтасын камдашып.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү белүнүп,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Эр кыйны көрүнүп,
Арбак урган кырк чоро,
Астыга түшкөн белүнүп.
Күн кылкылдап батканда,
Элдин алды жатканда,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Таңдын нуру дүмпүйө,
Күн кашкайып бүлтөйө,
Таң жарылып сөгүлө,
Манас кандын кырк чоро,
Жамгырдай кылып жаа тартып
Мөндүрдөй кылып ок атып.
"Карма-карма!"кармалап,
"Кармачу болсоң, байлалап"
Көбөш кирди кыйкырып,
Жүргөнүнөн чаң чыгып,
Добушунан жан чыгып,
-Карма, журтум, карма- деп,

Паана кнлнп отурган,
Семетей кулун жайла- деп.
Бел байлаган жетимин,
Эми кармап алалнк,
Жанакн медер кнлган Чыйнрдн,
Ошону дангнттарга жаралнк.
Катнннда калк бузган,
Канчнк катнн Канныкей,
Моминтип кетти алалнк.
Ошондо калнң кол каптап келгенде,
Кайран жеңең Канныкей,
Знн- знң этип кенебейт,
Алтн арам айкнрнп кирип келгени
Бучкагнна теңебейт.
Эр мүчөлүү Канныкей,
Эсил тууган туйгунуң,
Туруп берди туйгунуң,
Ургачн болбой кургуруң,
Кнлчайбай жеңең Канннкей,
Кнраанның кургур турганн,
Кнйратнп чаап ордону,
Иттерди кудай урганн.
Баякн кабнлан жеңең долунун,
Отурган жериң карасаң,
Тушардан чнккан ок болду,
Өпкөдөн өтүп баратат,
Манастан калган кнрк чоро,
Кнрк чоро кайдан токтолду.
Жамгнр сннду жаа төгүп,

Жабыла баары кирген сон,
Тамынын баарын ураатын,
Талынын барын сулатты.
Кан Манастын ордодон,
Канчалык кызык көрүштү,
Канкор Манастан калган сан дүйнө,
Көөк ит камчыга ченеп бөлүштү.
Кабылан кандын барында,
Каалгасы темир болоттон,
Каканчылуу Бээжинди,
Камап турган кезинде,
Алым дилде көп алып,
Артыкча жыйган казына,
Атасынан жаш калган,
Жетимге берчү казына,
Алганынан айрылган,
Жесирге берчүү казына.
Эки көздөн айрылган,
Сокурга берчү казына.
Колу, буту такыр жок,
Мунжуга берчү казына,
Буланы булап алды эми,
Алтын кул буюкту мыктап салды эми.
Бүтүн кундуз терисин,
Жарты бөлүп жиберип,
Иттерин багалакка салды эми.
Баякы өлгөн кулдай барбактап,
Чаначтай мурду дардактап,
Дөбөгө ураан чакырып,

Канкордон калган сан дүйнө,
Арамдар камчыга ченеп бөлгөн жер.
Адырда жылкы ала баш, ~~Аргымак, буудан аралап~~
Аргымак, буудан аралаш,
Аны тийип кирди эми,
Көлпөңдөшүп жай болуп,
Кырк чоро менен алты арам,
Бөлүп алып бай болуп,
Жети атанды комдотуп,
Анжыяндын аркагы, жибек сарала,
Букардын булу кымбат, карала,
Мунусун жүктөп кетти эми.
Алты жүз атан комдотуп,
Кызыл алтын сан дилде,
Кытайдан келген жакут таш,
Муну жүктөп алды эми.
Өрүш толгон түмөн кой,
Матап койгон сансыз төө,
Түгөл тийип кетти эми.
Түпкө минтип жетти эми.
Баякы кара сурдун сулуусу,
Кабылан жеңең Каныкей,
Калдайган кара башында,
Кандуу бети жыртылуу,
Тул түбүндө зыңгырап,
Баякы багып ~~кетип~~ алчу баланы,
Кайран жеңең Каныкей,
Эмизип турат мелтиреп.

Ак тинте кармап чыңданып,
Каны качып сурданып,
Эмизип турган балага,
Эрикпей жетти Көбөш кул.
—Катынында каада чайкап, журт бузган,
Кыз экенде кылым чайкап, эл бузган,
Сураса бербес тулпарын,
Канчыгым, суук укурук салдымбы?
Жалынса бербес жакут баш,
Сенин көзүңчө тартып алдымбы?
Манасың менден эр бекен,
Манастан Көбөш кем бекен?
"Ат өлсө, соору керек" деп,
"Ага өлсө, жеңе керек" деп,
Арачы келсе соесуң,
Арага келген элчини
Бөөдөйдөн сабап коесуң.
Оңбогон, канчык, оңбойсуң,
Канкоруң Манас дагы жок,
Сен кайратыңды койбойсуң.
Арачы сөзүн билбейсиң,
Манас менен аталаш,
Кичи катын биз элек,
Же биребизге тийбейсиң.
Казгалдак учуп кайрылбас,
Кара кыр сенин талааңбы,
Качып кетчү, кара бет,
Төркүнгө кетчү санааңбы?
Белгилүү берен кылганың,

Белгилүү Бакай эриңби,
Бет алып качып тиериң,
Текеченин Ормонбек,
Ошо сенин эриңби?
Манастан калган жетимди,
Сен паана кылып калыпсың,
Канчык, сен бөлекке бурдуң санааңды,
Медер кылып отуруп,
Мени бек кыйратып алуучу,
Сенин балтыр бешик балаңбы?–
Нар кескенди аркырап,
Алып сууруп колуна,
Үмөктү [illegible] баштады,
Кундактагы баланы,
Алтыга бөлүп таштады.
"Тийбесең мына, доолу"– деп,
Кара жаак айбалта,
Кармай калып имерди,
Он далынын кечирге
Ойрон энең бейбакты
Ошондо тартып жиберди.
Кайран жеңең Каныкей,
Чыңырып ыйлап бук түштү,
Керилип Көбөш чапканда,
Кайран жеңең Каныкей
Ошондо төбөсү менен тик түштү.
Өө дегенде оозунан,
Өжөк-өжөк кан кетти.
Эсинен кетти алактап,

Үстүнө караан түн түштү,
Маңдай сөөгү кайкы экен,
Бу шумдукту көрөрү,
Баатырдын көзү өткөндө,
Жеңеңдин күн көрөрү тайкы экен.
Кежиге чачы жүн экен,
Баатырдын көзү өткөндө,
Байкуш жеңең бул долу,
Балакети көп экен.
Көбөш кул жыга чапканда,
Кайран жеңең Каныкей,
Жер кучактап жатканда,
Алмадай башты аларда,
Даңгыттарга жарарда,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Манастын жакын чоросу,
Кармай калды Көбөштү,
—Көбөш, сен кан эмессиң, бекерсиң,
Кан экениң чын болсо,
Канткенде катындын башын кесерсиң.
Артык мыкты эр Шууту,
Түрдөнтүп кептен салды эми.
Кайран жеңең долуну,
Кан Көбөшкө чаптырбай,
Ажыратып алды эми.
Тил сүйлөбөй, сөз айтпай,
Тилден кетти жеңекең
Күнү-түнү эс албай,
Ошондо түрдөн кетти жеңекең. ~~Үмөкүн~~ xx ~~көзгө~~ x ~~түн~~

Тӱнӧрӱп кӧзгӧ тӱн тӱшӱп,
Тӱйшӱктӱӱ башка кӱн тӱшӱп,
Кабырга сӧӧгӱ сӧгӱлӱп,
Капталдан каны тӧгӱлӱп,
Кӱнӱ-тӱнӱ болгончо,
Эси ооп калды эми.
Кӱн шашке убакта,
Эсин жыйып алды эми.
Кетирген бейбак санаазын,
Эки бӧлӱп таштаган,
Жанакы эмизип турган балазын.
Ӧӧдӧ болуп караса,
Жашына турган кабак жок,
Жалмалап кетер тамак жок.
Бел байлаган бели жок,
Бекинип кетер жери жок.
Качып кирер токой жок,
Кара кылып кеткенге,
Кас кылбачу бирӧӧ жок.
Алапайын табалбай,
Ӱстӱне мӱшкӱл иш тӱшӱп,
Асыл жеҥеҥ башына,
Адам кӧргӱс тӱн тӱшӱп,
"Кабылан тӧрӧм ӧлбӧ-деп,
Кайгыны, куу жан, кӧрбӧ-деп,
Кудай жан деп жаратса,
Мындан кийин катынга,
Мындай шумдук бербе" деп.
Олондой болгон кайран чач,

Көк жалым Манас өлгөндө,
Өрүп албай не болдум,
Кыл муруту шыйпайып,
Кыямат көздөй жан тартып,
Кыйын болуп турганда,
Курман болуп султанга,
Мен өлүп албай не болдум.
Тирүүнүн көрку жер менен,
Катындын коркуре менен,
Эсилим, төрөм, өлбөй кал,
Эстен талып ушунтип,
Кара бет кордук көрбөй кал..."
Чанкорун Манас өлгөн жер,
Канкей кордук көргөн жер.
Таластын булак тамчысы,
Далай жерге так болду,
Алты арамдын камчысы.
Эсепти жаман таптырып,
Аркадан келген арамга,
Абайлабай туруп ошондо,
Энекең эмчекти жара чаптырып,
Басайын десе ал кетип,
Далыдан кара кан кетип,
Бу кордукту көргөн соң,
Буйруктан көрүп энекең,
Катындыгын билгизбей,
Алдага тилин тийгизбей,
Кырк жылы суугa чыласа,
Кылт этип чети оңбогон,

Сексен жыл сууга таштаса,
Серпилип чирип койбогон,
Алтын түрдүү зор килем,
Караса көзгө илинбейт,
Килем турмак дүмүр жок,
Анын кайда экени билинбейт.
Кан Манастын зор мечит,
Чынарын кыйып сулаткан,
Пейли жаман алты арам,
Мечит менен урушуп,
Суу жайылтып нураткан,
Талаанын баарын сулатып,
Таманын баарын кулаткан.
Такыр чаап алыптыр,
Казына турган кара үңкүр,
Үңкүр куру калыптыр.
Казына менен дилдени,
Алты арам такыр чаап алыптыр.
Баякы кайран жеңең Каныкей,
Эки ой менен ошондо,
Жыйганым алтын казынам,
Ушундай экен чачайын,
Эсилим айткан кеп эле,
Эри өлгөндө катынга,
Төркүнү жакын деди эле,
Эми мен Букарды көздөй качайын!.."